***Баткен облустук  статистика башкармалыгы***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

---

**Баткен-2024**

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы**

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Абдиева Ш.К.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2024-жылдын январь айындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2024-жылдын 15-февралы.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

**М А З М У Н У**


| | | |
|---|---|---|
| I | **Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………** | 4 |
| II | **Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………….** | 5 |
| III | **Сектордук обзор………………………………………………………..** | 6 |
| | **Реалдуу сектор……………………………………………………….** | 6 |
| | Өнөр жайы……………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым………………………………………………... | 7 |
| | Турак жай........................................................................................ | 7 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу…………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу………………………………………………….... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы………...……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| IV | **Мамлекеттик сектор….…………………………………………………** | 11 |
| | Финансы………………………………………………………………. | 11 |
| V | **Тышкы сектор..........................................................................................** | 12 |
| | Экспорт............................................................................................ | 12 |
| | Импорт............................................................................................ | 12 |
| VI | **Социалдык сектор……………………………………………………..** | 12 |
| | Демографиялык жагдай.................................................................. | 12 |
| | Калктын оорулары........................................................................... | 12 |
| | Укук бузуулар.................................................................................. | 13 |
| | **Тиркеме……………………………………………………………………** | 14 |

# ОБЛУСТУН 2024-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ АЙЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2024-жылдын январь айында 425427,9 сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 107,9 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2024-жылдын январь айында 882,8 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 99,1 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь айында 86765,9 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 147,2 пайызды түздү.

2024-жылдын январь айында турак жай курулушунда жалпы аянты 4619 чарчы метр болгон 46 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь айларынын денгээлине салыштырмалуу 142,3 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 72041,2 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь айында 102,4 миң тонна жүк ташылып, 2023-жылдын январь айына салыштырмалуу 101,9 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 22353,0 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 104,0 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2024-жылдын январь айында 2085961,3 миң сомду түзүп, 2023-жылдын январь айынын денгээлинен 7,3 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2024-жылдын январь айында 1741964,6 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2023-жылдын январь айынын деңгээлинен 7,0 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь айында 343996,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,6 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь айында 2023-жылдын январь айына салыштырганда 106,2 пайызды, ал эми ушул жылдын январь айын 2023-жылдын декабрь айына салыштырганда 99,5 пайызды түздү.

Облус боюнча 2023-жылдын декабрь айында бир айлык орточо эмгек акы 32227,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 3,4 пайызга өскөн. Ал эми 2023-жылдын январь-декабрь айларында бир айлык орточо эмгек акы 26589,9 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 22,7 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2024-жылдын январь айында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу, бактериялуу дизентерия, бактериалуу минингит, вирустуу гепатит А түрү, бруцеллез, эхинококкоз, сифилис жана респиративдүү ооруларынын өскөндүгү байкалат. Ал эми, ичегинин өткүр инфекциясы, эпидемиялык паротит, жаныбарлардын тиштеп алуусу, аскаридоз, гонорея, котур, педикулез жана кургак учук ооруларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

# II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2024ж. январь айында | 2024-жылдын январь айы 2023-жылдын январь айына карата пайыз менен |
|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 425427,9 | 107,9 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 882,8 | 99,1 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 86765,9 | 147,2 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 4619,0 | 142,3 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 102,4 | 101,9 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 22353,0 | 104,0 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 2085961,3 | 107,3 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 1741964,6 | 107,0 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 343996,7 | 104,6 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 26589,9[1)] | 122,7[2)] |

[1)] 2023ж. Январь-декабрь
[2)] 2023ж. январь-декабрь

# III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

**<u>Өнөр жайы.</u>** Облус боюнча 2024-жылдын январь айында 425427,9 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 107,9 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 122646,9 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 28,8 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 154077,6 миң сомду же 36,2 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 138112,0 миң сомду же 32,5 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 10591,4 миң сомду же 2,5 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь айында 154077,6 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 89,9 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь айында 54441,4 тонна көмүр казылып алынып,өткөн жылдын ушул мезгилине караганда 8204,8 тоннага көмүр аз өндүрүлгөн, бардык район шаарларда көмүр казып алуунун төмөндөсү физикалык көлөмдүн индексинин төмөндөөсүнө алып келди.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 122646,9 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 109,9 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 64769,9 миң сомду (көлөмдүн 52,8 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 9457,3 миң сомду (көлөмдүн 7,7 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 2287,7 миң сомду (көлөмдүн 1,9 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 29421,5 миң сомду (көлөмдүн 23,9 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 4883,7 миң сомду (4,0 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 351,0 миң сомду (0,3 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь айында өткөн жылдын январь айына салыштырмалуу физикалык көлөмдүн индекси 118,9 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 19,2 пайыз га, жаны бышкан нан 3,3 пайызга, тазартылган күрүч 13,3 пайызга, кондитердик азыктар 24,6 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 14,5 пайызга, эт азыктары 11,9 пайызга, иштетилген сүт азыктары 18,8 пайызга көп өндүрүлгөн.

*2024-жылдын январь айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 9457,3 миң сомду түздү, же өткөн жылдын январь айындагы денгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 94,4 түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь айында 4883,7 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь айына салыштырганда физикалык көлөмдүн индекси 86,7 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь* айында 138112,0 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 170,8 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 10591,4 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 176,1 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)



Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын
үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




**<u>Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.</u>** 2024-жылдын январь айында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 882,8 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 99,1 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь айында 2133,2 тонна эт, 4511,5 тонна сүт, 544,3 миң даана жумуртка өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу жумуртка 6,1 пайызга өскөн. Ал эми эт өндүрүү 1,5, сүт өндүрүү 0,3 пайызга төмөндөгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүүдө Лейлек районунда 0,5 Кызыл-Кыя шаарында 0,2, Сүлүктү шаарында 2,4 пайызга өсүү болду, Кадамжай районунда өткөн жылдын деңгеээлинде калган. Ал эми Баткен районунда 1,3, Баткен шаарында 27,8 пайызга азайган. Сүт өндүрүү Лейлек районунда 0,7, Кызыл-Кыя шаарында 0,3, Сүлүктү шаарында 7,1 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 1,9, Кадамжай районунда 0,2, Баткен шаарында 8,6 пайызга аз өндүрүлгөн. Жумуртканы Баткен району 54,9, Лейлек району 1,0, Баткен шаары 3,5, Кызыл-Кыя 0,2, Сүлүктү шаары 3,9 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Кадамжай району өткөн жылдын деңгээлинде калган.

2024-жылдын 1-январына карата жүргүзүлгөн мал жана үй канаттууларын саноонун жыйынтыгы менен өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу облус боюнча үй канаттуулары 313158 башты түзүп 18,1 пайызга, жылкылар 6884 башты түзүп 1,8 пайызга өскөн. Ал эми ири мүйүздүү малдардын саны 144168 башты түзүп 0,5 пайызга, кой-эчкилер 411647 башты түзүп 1,0 пайызга, чочколор 16 башты түзүп 76,5 пайызга төмөндөгөн.

**<u>Капиталдык салым.</u>** 2023-жылдын январь айында 86765,9 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2023-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 47,2 пайызга өстү. Капиталдык салымдар Кызыл-Кыя шаарында 59,8 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 47,9 пайызга, Лейлек районунда 37,3 пайызга, Баткен шаарында 17,6 пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаты түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 83,0 пайызы подряддык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)



**Турак жай.** 2023-жылдын январь айында турак жай курулушунда жалпы аянты 4619,0 чарчы метр болгон 46 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 142,3 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 72041,2 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өздүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**Транспорт жана байланыш.** 2024-жылдын январь айында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 102,4 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь айына салыштырмалуу 101,9 пайызды түздү.

2024-жылдын январь айында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 931,8 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 22353,0 миң жүргүнчү-км түздү (2023-жылдын январь айына салыштырмалуу 104,0 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2024-жылдын январь айында бардыгы жеке жактардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субъектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2024-жылдын январь айында 2085961,3 миң сомду түзүп, 2023-жылдын январь айына салыштырмалуу 7,3 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 2022778,3 миң сом болуп 6,1 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, күйүүчү майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь айында 1616144,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 7,8 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана күйүүчү майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 886855,4 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 7,9 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 54,9 пайызды түздү.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь айында 3710,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 9,5 пайызга өскөн.

Күйүүчү майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь айында 664366,3 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 5,0 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) ушул жылдын январь айында 1741964,6 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 7,0 пайызга өскөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь айында 343996,7 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 4,6 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)



Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




**<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2024-жылдын 1-февралына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 17816 адамды түздү, анын ичинен 13386 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен жумушсуздук боюнча жөлөк пул алгандар жок, январь айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 45 адамды түздү. 2024-жылдын 1-фералына карата 36 жумушчу орун болду. Бир бош жумуш ордуна 495 адам туура келди.

Облус боюнча 2023-жылдын декабрь айында бир айлык орточо эмгек акы 32227,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 3,4 пайызга өскөн, 2023-жылдын январь-декабрь айларында бир айлык орточо эмгек акы 26589,9 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 22,7 пайызга өскөн.

Эмгек акы декабрь айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу токой чарбасы, айыл чарба жана балыкчылык, электр энергия, финансалык ортомчулук, тоокен казуу тармагында, сууну тазалоо, курулуш, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, Соода: автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, информация жана байланыш, административдик жана көмөкчү чарба, социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо тармагы боюнча өсүү болгон.

Ал эми маданий көңүл ачуу, дем алуу тармагында 6,7 пайызга, билим берүү тармагында 21,0 пайызга, саламаттыкты сактоо тармагында 3,0 пайызга, транспорт ишмердиги, жүктөрдү сактоо тармагында 3,5 пайызга жана өнөр жайды кайра иштетүү тармагында 14,8 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2023-жылдын декабрь айында 360,8 долларды түздү.

2024-жылдын 1-январына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 31845,5 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 79,5 пайызга өскөн, Эмгек акы төлөө боюнча карыз Кадамжай районунда 92,2 пайызды жана Кызыл-Кыя шаарында 7,8 пайызды түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)



**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь айында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 103,5 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 102,9 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 104,6 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2024-жылдын январь айында өткөн жылдын январь айына салыштырмалуу 112,8 пайызды түздү.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 106,2 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын январь айын 2023-жылдын декабрь айына салыштырганда 99,5 пайызды түздү.

Ушул жылдын январь айында өткөн айга салыштырмалуу 1-сорт ун 0,7 пайызга кымбаттаган. Ал эми макорон азыктары 1,7 пайызга, күн карама майы 2,2 пайызга төмөндөгөн. Жогорку сорт ун, койдун эти, уйдун эти, нан, жумуртка жана сүт өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 100,7 | 100,0 | 98,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 97,8 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу пияз 5,2 пайызга, алма 22,9 пайызга, кургатылган өрүк 20,9 пайызга кымбаттаган. Ал эми грек жаңгагы 3,9 пайызга, картошка 2,9 пайызга, сабиз 2,0 пайызга төмөндөгөн.

**Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 105,2 | 97,1 | 98,0 | 122,9 | 120,9 | 96,1 |

Үстүбүздөгү жылдын январь айында өткөн декабрь айына салыштырмалуу кийимдер 0,1 пайызга, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника 0,2 пайызга, фармацевтикалык продукциялар 4,2 пайызга кымбаттаган. Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 3,0 пайызга, катуу отун 21,5 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 1,9 пайызга, бензин 2,0 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 2,7 пайызга төмөндөгөн. Ал эми кийим тигүү үчүн материалдар, бут кийимдер, суу менен камсыз кылуу (муздак суу), газеталар жана мезгилдүү басылмалар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(пайыз менен)

| | 2024ж. январь 2023ж январь карата | 2024ж. январы 2023ж декабры на карата |
|---|---|---|
| Кийим | 106,1 | 100,1 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 101,2 | 100,0 |
| Бут кийим | 105,1 | 100,0 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 101,0 | 97,0 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 95,1 | 78,5 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 104,1 | 98,1 |

| | | |
|---|---|---|
| Бензин | 106,1 | 98,0 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 107,5 | 100,2 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 106,5 | 104,2 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,0 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 105,7 | 97,3 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын январь айында маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөрү 0,1 пайызга төмөндөгөн. Калган тейлөөлөр өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**

(пайыз менен)

| | 2024ж. январы 2023ж. январына карата | 2024ж. январы 2023ж. декабрына карата |
|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 102,6 | 100,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 107,1 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 99,3 | 99,9 |
| Билим берүү тейлөөсү | 116,6 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 111,4 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 137,5 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 |

## МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОР

**Финансы.** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-декабрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 1855,2 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 117,0 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 2832,8 млн. сомду түзүп, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 27,2 пайызга, ал эми чыгашалар 35,4 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2023-жылдын январь-декабрь айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2023-жылдын январь-декабрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 1047,2 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 13,5 пайызга өскөн. Киреше жана пайда салыгы 11,6 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 21,4 пайызга, патенттин негизиндеги салык 1,9 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 15,0 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 15,7 пайызга, жер салыгы 14,2 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 2,0 эсеге өскөн. Ал эми соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин өскөнү байкалды. Алсак 2022-жылдын январь-декабрь айларында жалпы кирешенин 14,1 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2023-жылдын январь-декабрь айларында 15,8 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана проценттерден түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 55,5 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 27,8 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 17,1 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2023-жылдын январь-декабрь айларында 1155,2 млн. сомду түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 36,9 пайызга өскөн. Чыгашалардын 70,4 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого, 5,8 пайызы эс алуу, маданият жана дин, билим берүү жана социалдык коргоо тармагына жана 22,7 пайызы турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө жумшалды.

## ТЫШКЫ СЕКТОР

Баткен облусу 2023-жылдын январь-декабрь айларында дүйнөнүн 31 мамлекети менен тышкы соода байланышында болду. Анын ичинде: 7 КМШ өлкөлөрү, 24 КМШдан тышкары өлкөлөр. Облустун тышкы соода жүгүртүүсү 2023-жылдын январь-декабрь айларында 101806,0 миң АКШ долларын түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 1,9 пайызга өскөн. Соода балансасынын сальдосу оң болуп 35594,4 миң АКШ долларына барабар болду.

**Экспорт.** 2023-жылдын январь-декабрь айларында экспорттун көлөмү 68700,2 миң АКШ долларын түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 5,3 пайызга өскөн. Экспорттук товарлардын негизги керектөөчүлөрү КМШ өлкөлөрү менен Европа мамлекеттери болуп, алардын экспорттогу жалпы көлөмдөрү 88,6 жана 10,3 пайызга барабар болду. Облустун продукциясынын негизги керектөөчүлөрү болуп, КМШ өлкөлөрүнөн Өзбекстан (экспорттун жалпы көлөмүнөн 80,3 пайызы), Россия (6,3 пайызы), жана Казакстан (2,0 пайызы) мамлекеттери эсептелет. КМШдан тышкары Европа мамлекеттерине (10,3 пайызы) жана Азия мамлекеттерине (0,9 пайызы) экспорттолду. Европа мамлекеттеринен Румыния өлкөсүнө (7,7 пайызы) ) экспорт жүргүзүлгөн.

Жалпы экспорттун ичинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттун көлөмү 5650,7 миң АКШ долларын түздү. Экспорттолгон товарлар Россия жана Казакстан мамлекеттерине жүргүзүлгөн.

**Импорт.** 2023-жылдын январь-декабрь айларында импорттун көлөмү 33105,8 миң АКШ долларын түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 4,6 пайызга азайган. Ал эми импорттун салмагы КМШ өлкөлөрүнөн 77,6 пайызга, Азия мамлекеттеринен 18,8 пайызга жана Европа мамлекеттеринен 0,8 пайызга барабар болду. КМШ өлкөлөрүнүн импортунун негизги көлөмүн алып келүүчүлөр болуп Өзбекстан (импорттун жалпы көлөмүнүн 82,6 пайызын), КМШдан тышкары Кытай (жалпы импорттун 12,6 пайызын) жана Турция (жалпы импорттун 2,1 пайызын) мамлекеттеринен келген товарлар түзгөн.

Жалпы импорттун ичинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө импорттун көлөмү 4138,5 миң АКШ долларын түздү. ЕАЭБ өлкөлөрүнөн импорттолгон товарлардын 70,0 пайызы Россия мамлекетинен алынып келинген.

## СОЦИАЛДЫК СЕКТОР

***Демографиялык жагдай.*** 2023-жылдын январь-декабрь айларында Баткен облусу боюнча 14683 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 1027 балага азайган), же калктын 1000 не 25,4 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 2303 адам өлгөн (2022-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11 адамга өскөн), же калктын 1000 не алганда 4,0 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 12380 адамды, же 1000 кишиге 21,4 түздү.

2023-жылдын январь-декабрь айларында 180 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 12,3 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 6 балага өскөн.

**Калктын ооруулары**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2024-жылдын январь айында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Бактериялуу дизентерия менен 2 оорулуу катталып өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эки эсеге өскөн, ал эми ичегинин өткүр инфекциясы менен 73 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 16,1 пайызга төмөндөгөн. Бактериалуу минингит оорусу менен 2 оорулуу катталды.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 508 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 13,7 эсеге, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 507 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 14,9 эсеге өскөн, ал эми эпидемиялык паротит менен 1 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 75,0 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөндөгөнү байкалат* жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 56 учур, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11,1 пайызга, аскаридоз менен 52 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 22,4 пайызга төмөндөгөн, ал эми бруцеллез ооруусу менен 6 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эки эсеге өскөн. Эхинококкоз оорусу менен 4 оорулуу катталды.

*Паразитардык оорулардан* сифилис оорусу менен 5 учур катталды. Ал эми котур оорусу менен 4 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 63,6 пайызга төмөндөгөн. Гонорея, ВИЧ инфекциясы, педикулез ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 2539 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 19,0 пайызга өскөн. Ал эми кургак учук менен ооруган 20 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,8 пайызга төмөндөгөн.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2023-жылдын январь-декабрь айларында облус боюнча 1213 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 15,4 пайызга же 220 кылмышка төмөндөгөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо 10, ээнбаштык 77, уурулук 332, алдамчылык 243, бангизаттарга байланыштуу 36, кызматтык кылмыштар 51, экономика тармагында 45 кылмыш, 21 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2023-жылдын январь-декабрь айларында 1064 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 103 адамга азайган.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар 154, иштегендер 7, ишкерлер 2, кызматкерлер 1, мектеп окуучулары 51, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 16, эч жерде иштебеген жана окубагандар 727 түзөт.

**Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси: С. Ысмайылов**

| | | бети |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү…………… | 15 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү………......................……….............. | 16 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……...........................................………............. | 16 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ……………………………… | 17 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү……………………………………… | 18 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..………………………......... | 18 |
| **7** | Аймактагы малдардын жана үй канаттууларынын саны ................................................................................. | **19** |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 20 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү……………………………………….. | 20 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы……………………………… | 22 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү................................. | 22 |
| 12 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча……………………………………………… | 22 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши.................................................................................. | 23 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………………………………………… | 24 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү………………………………………………………. | 25 |
| | Керектөө рыногу | |
| 17 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы….............……........ | 25 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү……………………………………………… | 26 |
| 19 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо............... | 26 |
| 20 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү…. | 27 |
| 21 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 27 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 22 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары ............. | 28 |
| 23 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, акыркы айда....... | 29 |
| 24 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары жыл башынан бери.................................................................................................................................................... | 29 |
| 25 | Калкты иш менен камсыз кылуу……………………………………………………………………….. | 30 |
| 26 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны...................................................................................................... | 30 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| 27 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………..... | 31 |
| 28 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 31 |
| 29 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………….......... | 32 |
| 30 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ………………………….......... | 32 |
| | Тышкы сектор | |
| 31 | Товарлардын тышкы соода көлөмү | 33 |
| 32 | Континенттер жана өлкөлөр боюнча экспорттун жана импорттун бөлүнүшү | 33 |
| | Социалдык сектор | |
| 33 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү................................................................................................ | 34 |
| 34 | Калктын төрөөлүү, өлүү жана табигий өсүүсү боюнча катышы.......................................................….. | 34 |
| 35 | Жаш балдардын өлүмү............................................................................................................................................ | 34 |
| 36 | Облус боюнча жаш балдардын өлүмүнүн катышы............................................................................................... | 34 |
| 37 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны...................................................................................................... | 35 |
| 38 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы.................................................................................................. | 35 |
| 39 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………… | 35 |
| 40 | Катталган кылмыштар саны…………………………………………………………………………….. | 36 |
| 41 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………. | 36 |
| 42 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………………………. | 36 |

# РЕАЛДЫК СЕКТОР

## ӨНӨР ЖАЙЫ

Таблица 1. **Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү, 2024 жылдын январь айы**

( миң сом)

| | 2023 | 2024 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **404108,5** | **425427,9** | **107,9** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **126633,5** | **154077,6** | **89,9** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көн өндүрүү | 109906,0 | 135176,4 | 86,9 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 16696,5 | 18735,0 | 100,0 |
| 3.Металл рудасын өндүрүү | | | |
| -түстүү металл рудасын өндүрүү | | | |
| 4. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 31,0 | 166,2 | 750,0 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **157934,0** | **122646,9** | **109,9** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктер менен тамеки кошо | 56905,4 | 64769,9 | 118,9 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 56037,6 | 63190,2 | 103,4 |
| -тамеки өндүрүү | - | 774,0 | - |
| -сусуундукта өндүрүү | 867,8 | 805,7 | - |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 44339,4 | 9457,3 | 94,4 |
| -текстил өндүрүшү | 41730,9 | 3348,8 | 255,6 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 2568,5 | 6100,1 | 1,3 |
| -булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 40,0 | 8,4 | 21,0 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 2383,2 | 2287,7 | 116,8 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 2305,7 | 2210,2 | 116,9 |
| -басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 77,5 | 77,5 | 100,0 |
| 4. Химия өндүрүшү | 19,0 | - | 113,9 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 41196,1 | 29421,5 | 211,5 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 3360,9 | 4883,7 | 86,7 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 9730,0 | 11826,8 | 116,1 |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **110966,9** | **138112,0** | **170,8** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **8574,1** | **10591,4** | **176,1** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү, 2024-жылдын январь айы**

(миң сом)

| | 2023 | 2024 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| | | | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| **Область боюнча:** | **404108,5** | **425427,9** | **107,9** |
| Электр энергиясыз | 293141,6 | 287315,9 | 105,3 |
| райондор: | | | |
| Баткен | 5652,2 | 5185,8 | 99,2 |
| Кадамжай | 115724,9 | 106434,6 | 104,3 |
| Лейлек | 34063,6 | 42679,4 | 109,3 |
| шаарлар: | | | |
| Баткен | 118518,6 | 147094,9 | 156,7 |
| Электр энергиясыз | 7551,7 | 8982,9 | 109,8 |
| Кызыл-Кыя | 68935,3 | 35555,0 | 73,3 |
| Сүлүктү | 61213,9 | 88478,2 | 77,6 |

Таблица 3. **Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өлчөө бирдиги | 2023 | 2024 | 2024ж. январь айы 2023ж. январь айына % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь | | |
| Таш көмүр | тонна | 62646,2 | 54441,4 | 86,9 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 364 | - | - |
| Бут кийим | жуп | 100 | 21 | 21 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 98,9 | 110,7 | 111,9 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | - | - | - |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 615,6 | 545,9 | 88,7 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 10,9 | 9,0 | 82,6 |
| Жаны бышкан нан | тонна | 760,8 | 786,2 | 103,3 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 8435,0 | 10054,0 | 119,2 |
| Сурьма металы кошулма | % | - | - | - |
| Сымап | % | - | - | - |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 442,7 | 506,8 | 114,5 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 105,8 | 119,9 | 113,3 |
| Кондитер азыктары | тонна | 48,4 | 60,3 | 124,6 |
| Килемдер | даана | 10 | 12 | 120,0 |
| Жашылча жемиштин шербети | миң литр | - | - | - |
| Иштетилген сүт | миң литр | 3,2 | 3,8 | 118,8 |
| Балмуздак | тонна | 0,4 | 0,4 | 100,0 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 164000 | 1820 | 1,1 |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 127108 | 2057 | 1,6 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 0,8 | 0,8 | 100,0 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 126,4 | 100,4 | 79,4 |

Таблица 4. **Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү, 2024-жылдын январь айына**

| | 2023 | 2024 | 2024 % менен 2023 | 2023 | 2024 | 2024 % менен 2023 | 2023 | 2024 | 2024 % менен 2023 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Таш көмүр, тонна** | | | **Бышырылган кирпич, миң даана** | | | **Эт жана эт азыктары, тонна** | | |
| **Облус боюнча:** | **62646,2** | **54441,4** | **86,9** | **364,3** | **-** | **-** | **98,9** | **110,7** | **111,9** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 912,0 | 467,7 | 51,3 | 30,2 | - | - | 5,4 | 5,5 | 101,9 |
| Кадамжай | 37440,0 | 36522,0 | 97,5 | 334,1 | - | - | 32,0 | 43,2 | 135,0 |
| Лейлек | 500 | - | - | - | - | - | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 11,5 | 12,0 | 104,3 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | | | | 50,0 | 50,0 | 100,0 |
| Сүлүктү | 23794,2 | 17451,7 | 73,3 | - | - | - | - | - | - |
| | **Жаны бышкан нан, тонна** | | | **Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна** | | | **Кондитер азыктары, тонна** | | |
| **Облус боюнча:** | **760,8** | **786,2** | **103,3** | **615,6** | **545,9** | **88,7** | **48,4** | **60,3** | **124,6** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 20,5 | 21,0 | 102,4 | 454,4 | 454,5 | 100,0 | 3,9 | 4,0 | 102,6 |
| Кадамжай | 311,1 | 311,2 | 100,0 | 123,2 | 51,4 | 41,7 | 3,3 | 3,4 | 103,0 |
| Лейлек | 77,2 | 99,0 | 128,2 | 38,0 | 40,0 | 105,3 | 16,0 | 25,8 | 161,3 |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | 47,5 | 48,0 | 101,1 | - | - | - | 3,5 | 4,0 | 114,3 |
| Кызыл-Кыя | 254,5 | 252,0 | 99,0 | - | - | - | 14,7 | 14,1 | 95,9 |
| Сүлүктү | 50,0 | 55,0 | 110,0 | - | - | - | 7,0 | 9,0 | 128,6 |
